КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙЫЛ, СУУ ЧАРБА ЖАНА АЙМАКТАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ МИНИСТРЛИГИ

АЙМАКТЫК ӨНҮГҮҮ МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИ

МИНИСТЕРСТВО СЕЛЬСКОГО, ВОДНОГО ХОЗЯЙСТВА И РАЗВИТИЯ РЕГИОНОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО РЕГИОНАЛЬНОГО РАЗВИТИЯ

---

# БУЙРУК

1 - июнь 2021-ж. № 01-18/36 Бишкек шаары

**Айылдык кеңештин жана туруктуу комиссияларынын иш пландарын даярдоо боюнча Усулдук колдонмону, Айылдык кеңештин типтүү иш планын, Айылдык кеңештин туруктуу комиссиясынын типтүү иш планын бекитүү жөнүндө**

Айылдык кеңештерге өз ыйгарым укуктарын ишке ашырууда көмөктөшүү максатында жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 31-октябрындагы № 513 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн 2018-2023-жылдарга карата программасын аткаруу боюнча иш-аракеттер планынын негизинде, **буйрук кылам:**

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:
   - Айылдык кеңештин жана туруктуу комиссияларынын иш планын даярдоо боюнча усулдук колдонмо, 1-тиркеме ылайык;
   - Айылдык кеңештин типтүү иш планы, 2-тиркеме ылайык;
   - Айылдык кеңештин туруктуу комиссиясынын типтүү иш планы, 3-тиркеме ылайык.
2. Уюштуруу иштери, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына усулдук жана маалыматтык колдоо көрсөтүү башкармалыгы жана Административдик жана кадр иштери бөлүмү Айылдык кеңештин жана туруктуу комиссияларынын иш пландарын даярдоо боюнча Усулдук колдонмону, Айылдык кеңештин типтүү иш планын, Айылдык кеңештин туруктуу комиссиясынын типтүү иш планын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына таркатылышын камсыздасын.
3. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана аймактарды өнүктүрүү министрлигине караштуу Аймактык өнүгүү мамлекеттик агенттигинин директорунун орун басары Р.М. Алыкуловго жүктөлсүн.

**Директор** **Э.Н. Джантаев**